| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**З. КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ИМ.З.КАЙНАЗАРОВОЙ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

07.02.2024 № 1/1 Чат-Кель айылы

***"Жергиликтүү бюджетти жана атайын эсеп каражатынын киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө"***

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34 беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде жана З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн Каржы бөлүмүнүн башчысы К.А.Сатывалдиеванын 2024-жылдын жергиликтүү бюджеттин кирешелерин жана чыгашалары жөнүнндө отчетун угуп жана талкуулап;

**З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Жергиликтүү бюджеттик кирешелерин жана чыгашаларын,атайы каражаттардын 2024-жылга карата сметасы,төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча бекитилсин;

1.2024 – жылдын 12 айына карата жергиликтүү бюджеттик жана атайын эсеп каражаттарын киреше бөлүгү 24840,2 мин сомду түздү;

- 2024 жылдын 12 айына карата жергиликтүү бюджет – 9903,3миң сом, теңдөөчү грант – 10936,9 миң сом жана атайы эсеп каражат 4000,0 мин сом болуп бекитилсин ( № 1-тиркеме тиркелет ).

2.2025 - жылга карата бюджеттин долбоорун 26946,0 миң сом,анын ичинен : чегерилүүчү тендөөчү грантты – 10936,9 мин сом ,жана атайын эсеп каражаттарын -4000,0мин сом, жергиликтүү бюджетти – 12009,миң сом бекитилсин.( № 2- тиркеме ) тиркелет

3.2026 -жылга карата бюджеттин долбоорун 27720,0 миң сом : анын ичинен теңдөөчү грант – 10936,9 миң сом.

4.Атайын эсеп каражаты 4000,0мин сом, жергиликтүү каражат – 12783,1миң сом менен бекитилсин, ( № 3-тиркеме ) тиркелет.

2024 – жылга карата З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн чыгаша бөлүгү – 24840,2 миң сомго бекитилсин.

- 2024жылга карата з.Кайназарова айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгашаларын каржылоо биринчи кезекте тартипте корголгон беренелер (эмгек акы, социалдык фондунун чегерүүлөрү,коммуналдык төлөмдөр, таш көмүр, тамак аш,социалдык жөлөк пул)каралсын.

1. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн жылдык планды ашыгы менен аткаруу учурунда киреше бөлүккө түшкөн акча каражатты айыл аймагындагы социалдык – маданий иш чараларды уюштурууга жана ички инфраструктураны ондоого, чыгымдоого каралсын
2. Чыгымдарды үнөмдөөнүн натыйжасында жылдын акырында калган кирешелердин чыгымдардан ашкан суммасы 01.01.2024жылга карата ( бош калдыктар ) негизги эсептен 6615,1 мин сом бекитилсин жана атайы эсептен 39,1 мин сом бекитилсин. ( № 4 тиркеме ) тиркелет.
3. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн аппратанын штаттык бирдик саны 2024жылга карата ,№ 1, № 2 таблицага ылайык 6182,2 мин сом,, маданият тармагы 2246,1 мин сом менен бекитилсин.
4. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн башчысына иштин зарылчыгына байланыштуу атайын эсеп каражаттан жана бюджеттик каражактан бир бөлүмдүн ичинен бир эсеп чоттон , экинчи эсеп чотко которууга мыйзам чегинде уруксаат берилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын З.Кайназарова айыл окмотүнүн Каржылоо бөлүмүнүн башчысы Сатывалдиева К.А га жүктөлсүн.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы З.Кайназарова айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
7. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

**Төрага** **И.М.Раимкулов**